КАРАЛДЫ
педагогикалык кенештин
№__1__ протоколунда
«28» август 2016-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
______ Бердалиев Ч.Е.
28.08.2016-ж

# №7 жалпы орто билим берүү мектебинин метод күндү өткөрүү жөнүндөгү жобосу

## 1.Жалпы жоболор

1.1. Мектеп метод күндү педагогикалык кызматкерлердин жамааттык келишиминин негизинде берет.

1.2. Метод күндү берүүнүн максаты мугалимдин педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу жана даярдыгын өркүндөтүү үчүн керектүү шарттарды түзүү.

1.3. Метод күн мектептин окуу режимин бузбастан жана окуучуларга жуманын башка күнүнө ашыкча жүктөлбөгөн окуу жүктөмү бар мугалимге берилет.

1.4. Метод күн мугалимге кошумча эс алуу күнү болуп эсептелбейт.

## 2. Методикалык күндүн режим

2.1. Мугалимдин методикалык күнү анын өз билимин өркүндөтүүсүнө арналат.:

- Билим берүүнүн суроолору боюнча мыйзам актыларын , нормативдик документтерди үйрөнүү;
- Тематикалык пландаштырууга ылайык иштөө;
- Конкреттүү педагогикалык технологияларды өздөштүрүү, аларды белгилүү бир класста билим берүү процессинин шарттарына ылайыкташтыруу;
- Конкреттүү педагогикалык технологияларды өздөштүрүү, аларды белгилүү бир класста билим берүү процессинин шарттарына ылайыкташтыруу
- Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү
- Илимий жана мептодикалык адабияттардагы жаңылыктар менен таанышуу;
- Өзүнүн предмети жана класстан тышкаркы иштер боюнча материалдарды иштеп чыгуу;
- Окуучулар үчүн жеке тапшырмаларды иштеп чыгуу:
- Китепканага , шаардык семинарларга кабинеттин ишине катышуу;

2.2. Ар бир окуу жылы башталганга чейин мектептин администрациясы белгилеген мөөнөттө педагогикалык кызматкерлер директордун орун басарына методикалык материалдарды иштеп чыгуунун болжолдуу планын, ошондой эле өз алдынча билим берүү темалары боюнча иштин күтүлүүчү жыйынтыктарынын баяндамасын беришет.

2.3. Метод күндөгү предметтик мугалимдин милдети:

- Мектепте өткөрүлгөн же мектептен тышкары өткөрүлгөн мурда пландалган бардык иш чараларга катышат;
- Зарыл болсо, ооруп калган мугалимдерди алмаштырат;
- Коллегаларынын ачык сабактарына катышат;

## 3. Метод күндүн режимин сактоону контролдоо:

Метод күндүн режимин сактоону контролдоону МИ боюнча директордун орун басары жүргүзөт.

Мугалимдин өз билимин өркүндөтүүсү боюнча ишти  текшерет;

Өз билимин өркүндөтүүсү боюнча  айрым мугалимдерге  жеке көрсотмолөрдү берет.

Теориялык ,практикалык семинарларларды ,методикалык кеңештерди уюштурат жана өткөрөт;

Методикалык иштин башка формаларына жетекчилик кылат;

Педагогдордун жеке  өз билимин өркүндөтүү программаларын түзүүгө жардам берет;

Мугалимдердин ишинин натыйжаларын диагностикалоону жана алардын кесиптик чеберчилигин жогорулатууну уюштурат.